**УДК: 392+394.3+397+930.2+930.85+94(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-584-591**

**Рысмендеева Н.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# “МАНАС” ЭПОСУ: МИФТЕН ЛОГОСКО ЭВОЛЮЦИЯЛЫК ӨРҮШ

**Аннотация.** Макалада «Манас» эпосунун жана манасчылык өнөрдүн азыркы учурдагы абалы, дүйнөлүк эпостордун, анын ичинде «Манас» эпосунун өнүгүүсүндөгү жалпылыктар жана айырмачылыктар каралды. «Манас» эпосунун мифий башаттан соңку – заманбап илимий ракурстан иликтөөгө алуу менен эпостун мазмундук түзүлүшүнүн эпико-эволюциялык динамикасы талдоого алынды. «Манасты» изилдөөгө арналган теориялык жана илимий-популярдуу эмгектердин негизинде, жалкы, айрым-айрым изилденбестен, дүйнөлүк эпостор менен фольклордук, филологиялык, этнографиялык ж.б. өңүттөрдөн сыпаттама, сүрөттөмө мүнөздөн өтүп, жаңы форматта, илимдердин синтезинде, философиялык призмадан өткөрүлө каралышы керек. Андыктан, «Манас» эпосуна жөн гана эпикалык ыр саптардын жыйындысы катары мамиле этилбестен, узак убакыттар аралыгында уламалуу калыптанып келген эпико-эволюциялык процесс катары кабылдануусу зарыл экендиги белгиленди. Ошону менен бирге эле, манасчылар, манасчылык өнөрдүн өнүгүүсү, учурдагы абалы, дүйнө жүзүндө эпос айтуучулук феномени, кайсы элде болбосун, өзүнүн толук кандуу аныктамасын ала электиги «Манас» айтуучулар да бүгүнкү күндө илимий өңүттөн ийине жеткире изилденбей жатышы талдоого алынды.

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу, дүйнөлүк эпостор, миф, логос, дастандар, эпико-эволюциялык өнүгүү, манасчылык, манасчылык өнөр, феномен, эпосту изилдөө, кенже эпостор.

**Рысмендеева Н.К.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ЭПОС «МАНАС»: ЭВОЛЮЦИЯ ОТ МИФОЛОГИЧЕСКОГО К ЛОГИЧЕСКОМУ

**Аннотация.** В статье рассматривается современное состояние эпоса "Манас" и искусства манасчи, а также общие и отличительные черты в развитии мировых эпосов, включая эпос "Манас". Исследование эпоса "Манас" с точки зрения его мифологических корней и последующего научного анализа включает анализ эпико-эволюционной динамики содержания эпоса. На основе теоретических и научно-популярных работ, посвященных исследованию "Манаса", предлагается переход от частных и отдельных исследований к новому формату, в котором эпос будет рассматриваться с точки зрения фольклора, филологии, этнографии и других аспектов в синтезе наук, через философскую призму. Подчеркивается необходимость воспринимать эпос "Манас" не просто как собрание эпических стихов, а как эпико-эволюционный процесс, формировавшийся на протяжении длительного времени. Также анализируется роль манасчи, развитие сказительства,

современное состояние феномена сказительства в мире, который, независимо от народа, еще не получил полноценного научного определения. Отмечается, что манасчи и их деятельность в настоящее время недостаточно исследованы с научной точки зрения.

**Ключевые слова:** эпос «Манас», мировые эпосы, миф, логос, сказания, эпико-эволюционное развитие, манасчи, сказительское мастерство, феномен, исследования эпоса, малые эпосы.

**Rysmendeeva N.K.**
Candidate of History, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## EPOS "MANAS": EVOLUTION FROM MYTHOLOGICAL TO LOGICAL

**Abstract.** The article examines the current state of the epic "Manas" and the art of manaschi, as well as common and distinctive features in the development of world epics, including the epic "Manas". The study of the epic "Manas" from the point of view of its mythological roots and subsequent scientific analysis includes an analysis of the epic-evolutionary dynamics of the content of the epic. Based on theoretical and popular scientific works devoted to the study of "Manas", a transition from private and individual studies to a new format is proposed, in which the epic will be considered from the point of view of folklore, philology, ethnography and other aspects in the synthesis of sciences, through a philosophical prism. The need to perceive the epic "Manas" not just as a collection of epic poems, but as an epic-evolutionary process that has been formed over a long time is emphasized. The role of manaschi, the development of storytelling, the current state of the phenomenon of storytelling in the world, which, regardless of the people, has not yet received a full scientific definition, are also analyzed. It is noted that manaschi and their activities are currently insufficiently studied from a scientific point of view.

**Key words:** epic “Manas”, world epics, myth, logos, legends, epic-evolutionary development, manaschi, storytelling skills, phenomenon, studies of the epic, small epics.

### Киришүү

Учурда «Манас» эпосу жана манасчылар темасы коомчулуктун көңүлүн бурган көйгөйлүү көрүнүштөрдүн бирине айланды. «Манаска» жана манасчыларга байланышкан окуялар коомубузда катуу резонанс жаратып, анын жаңырыгы али да басылбай, жалпы журтубузду жадаткандай эле болду. Көөнүбүздү тынчытпай жаткан мына ушундай көрүнүштөрдүн акыркы мезгилдерде көп учуроосу, бир чети, кооптондурса, бир чети, жалпыбызды жооптондурууда…

Манаска, манасчыга байланышкан ар бир маселе өтө кылдат чечилишти талап кылаары белгилүү. Атагы алыска кеткен, абройлуу манасчы болсун, же жаңыдан телчигип келе жаткан жаш манасчыбы, кыргыз элинде «Манас» айтуучуларга карата эч качан акаарат айтылган эмес. Кай жерде болбосун, алардын социалдык абалына карабастан, сый-урмат мамиле жасалган. Анткени, алар Манасты айтып жатышат, демек, элди аруулап жатышат деп эсептешкен, ишенишкен. Мындай көрүнүштөр кыргыздарда эле эмес, башка элдерде да учурап жатышы (эсиңиздерде болсо керек, 2010-жылы КЭРдин Шинжаң Уйгур автономиялык облусунда болгон толкундоолордон улам кытай бийлиги ошол жерге 10 миң кыргызга «Манас» айттырган) кызыгуу туудурган факт.

**Изилдөө объектиси:** кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манас».

**Изилдөө предмети:**

«Манас» эпосунун мифологиялык тамыры: эпостун негизин түзүүчү миф, легенда, уламыштардын изилденүүсү;

Эпостун мезгил алкагындагы эволюциясы – сюжеттеги, персонаждардагы, тематикасындагы мифологиялык булактан рационалдуу, логикалык негиздүү версияга чейинки өнүгүүсү;

«Манас» эпосундагы логос – рационалдуулук, логиалуулук ой жүгүртүү;

Социалдык-маданий контекст – тарыхый жана социалдык өзгөрүүлөрдүн эпостун эволюциясына тийгизген таасири;

Манасчылык өнөр, заманбап өнүгүүсү, ролу.

Изилдөө методдору:

*Текстологиялык анализ.* Эпостогунегизги мотивдерди, образдарды, түзүлүшүн аныктоо.

*Салыштырма анализ.* «Манас» эпосунун уникалдуулугун, жалпы жана айырмалуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн башка дүйнөлүк жана кыргыз элинин кенже эпостору менен салыштыруу.

*Тарыхый-маданий анализ.* «Манас» эпосунун жаралуу, өнүгүүсүнүн тарыхый маданий контекстин иликтөө.

*Социологиялык метод*. Манасчылардын ролу, алардын коомдогу орду, элдин маданий-руханий өнүгүүсүнө тийгизген таасирин анализдөө.

«Манас» эпосунун өнө боюна сиңип калган мындай сакралдуулук илимий прогресстин күч алган заманбап шартында да өз актуалдуулугун жоготпой, тескерисинче, улам жаңы изилдөөлөрдүн объектисине айланып жатышы эпостун түпкү маани-маңызынын али да ачыла электигинен кабар берет. Андыктан, «Манас» эпосу жана манасчылык өнөр илимий өңүттөн ар кыл аспектиде иликтенип, көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуп келүүдө. Мисалы, Б. Чыныбаевдин [1]; И. Молдобаевдин [2] ; Ш. Акмолдоеванын [3]; Ч. Субакожоеванын [4] ж.б. эмгектерин айтсак болот.

Ш. Акмолдоева айткандай: «Манасты» изилдөөгө арналган теориялык жана илимий-популярдуу эмгектердин баары эпоско карата этнографиялык жана ориенталисттик мамиле кылуунун алкагынан чыгып, дүйнөлүк маданияттын бийик чокулуу үлгүлөрүн өздөштүрүү процессине кирип кеткен» [3, 167-168].

Андыктан, «Манас» эпосу (дегеле дүйнө элдеринин эпостору) фольклордук, филологиялык, этнографиялык ж.б. өңүттөрдөн жалкы, айрым-айрым изилденбестен, сыпаттама, сүрөттөмө мүнөздөн өтүп, жаңы форматта, илимдердин синтезинде, философиялык призмадан өткөрүлө каралышы керек. Анткени, бир жактуу изилдөө маселенин толук кандуу чечилишин бербейт, Ч. Валиханов айткандай [5], бүтүндөй бир элдин турмуштук жолун камтыган энциклопедияны, ченеми-чеги жок чалкып жаткан мухитти бир илимдин алкагында текши изилдеген күндө да, натыйжалуу жыйынтыкка жетишүүгө мүмкүн эмес.

Демек, эпос жөн гана эпикалык ыр саптардын жыйындысы деп каралбастан, узак убакыттар аралыгында уламалуу калыптанып келген эпико-эволюциялык процесс катары кабылдануусу зарыл. Ошондо, аталган эпопеяга, анын ар бир «органына» Ж. Руминин «Пилиндей» [6] шыкаалап эмес, толук картиналуу бир бүтүн «организм» катары сереп салууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Башкача айтканда, «Манаска» карата субъективдүү,

примитивдүү көз караш мифтик маңызын жоготуп, илимий өңүткө трансформациялануууга тийиш.

«Манас» эпосунун калыптануусу узак, уламалуу жүргөн эпикалык процесс. Андыктан, мында мифтик көрүнүштөрдөн тарта уланып уламышка айланган, жамакталып отуруп жомокко жеткен, дасыккан дастанчылыктан өткөн, чалкып жаткан эпоско айланган, байыркы архаикалык маданиятты улай, заманбап дүйнө таанымга жалгай келген сюжеттик курумду көрүүгө болот.

Миф демекчи, бул – «коомдук өнүгүүнүн алгачкы стадияларындагы табигый жана социалдык чындыкты аңдоонун ыкмасы» [7]. Дагы бир аныктамада: «Миф – кудайлар жана легендарлуу баатырлар, ааламдын жана жашоонун пайда болуусу, дүйнө жана ал дүйнөдөгү адамдардын алган орду тууралуу байыркы элдик уламалар» – деп айтылат [8].

Көрүнүп тургандай, миф – байыркы адамдардын аң-сезиминин калыптануусундагы, анын өнүгүүсүндөгү алгачкы баскыч.

Дүйнөнү мифтик образдар аркылуу кабылдоо менен адамдар улам барган сайын көркөм салыштырууга, окшоштурууга өтө берген. Мындай мамиле жүрүп отуруп, дүйнөтаанымдык каражатка айланган, башкача айтканда, миф – адамдардын өзү жашаган, аны курчап турган аалам сырларын, өзүнүн ал дүйнөдө алган ордун аныктоодогу алгачкы аракеттери болгон. Ошентип «кудайлар», бир көздүү дөөлөр, учуучу аттар, учуучу килемдер ж.б. сыйкырдуу, сакралдуу образдар жарала берген.

Учуучу килем демекчи, бүгүнкү күндө ал миф, жомок эмес, ал көз ачып-жумгуча каалаган жерге жеткирген реалдуу, илимий-техникалык жетишкендиктин жыйынтыгы. Образдуулуктун, сакралдуулуктун логикалык жактан уламалуу өөрчүп-өнүгүүсү адамдын аң-сезиминдеги эволюциялык прогрессти ачык эле көрсөтүп турат.

Демек, мифтик дүйнөкабылдоо рационалдуу көз карашка кайчы келбестен, философиялык дүйнөтаанымдын өзөгүн түзгөн, илимий өңүттөн аңдала турган көрүнүш экени шексиз. Башкача айтканда, миф адамдын аң-сезиминин эволюциялык өнүгүүсүндө «альфа-башат» болсо, логос – анын «омега-чекити» десек болот (учурдун удулунан көз чаптырганда).

Дүйнө жүзүндө бүгүнкү күндө 250дөн ашуун эл жашайт. Бирок алардын баарынын эле эпостору боло бербейт. Тигил же бул этностун байыркылыгынан кабар берип турган белгилердин бири – анын эпосу. Бул маселени кыргыз элинин мисалында карап көрсөк.

«Манастан» тышкары, ага салыштырмалуу гана кенже аталган кыргыздардын элүүдөн ашуун эпосу бар. Алар көлөмү жана мазмуну жагынан ар түрдүү. Айталы, «Эр Төштүк» кенже эпосу 16559 ыр саптан турса, дүйнөлүк белгилүү эпостордун бири болгон байыркы гректердин «Илиадасы» болгону 15693 ыр сапты түзөт.

«Эр Төштүк» эпосу эң байыркы эпостордун бири. Мындагы архаикалык мотивдер чыгарманын байыркылыгын баяндап турат. Окумуштуу С. Кайыпов айткандай: ««Эр Төштүк» эпосунда архаикалык жана баатырдык элементтер жуурулушуп кеткен. Ал өзүнүн поэтикалык түзүлүшүндө мифтик элементтерди жана, эң башкысы, байыркы адамдардын жомоктон уланган сыйкырдуу фантастикалуу магиялык түшүнүктөрүн сактап калган» [9]. Мында жер алдындагы дүйнө, өзү кайнап турган көл жана анын шумдуктуу касиеттери, жалгыз көздүү желмогуздар, жердеги алптар, адамдык касиети да бар жаныбарлар, жети баштуу желмогуз кемпирлер сыяктуу мифтик көрүнүштөр эпостун архаикалык чыгарма экендигин тастыктап турат.

Ал эми «Жаңыл Мырза» эпосунда мындай магиялык, мистикалык мотивдерди таппайсың. Кыргыз элинин кадим жай турмушу чыгарманын башынан аягына дейре кашкайып көрүнүп турат:

*Какшаалда хандык курган кыз*
*Жаңылды алууга катындыкка ойго кетти.*
*Алганда кыз Жаңылды кудаламак*
*Оюжок ат чаптырып, той жасамак.*

Заакымдардан заманбап турмушка ээрчишип келген эпико-эволюциялык эриштердин жемиши – мөмөсү катары ар кыл доорлордо жаралып келген эпикалык дастандарыбыздын эң алгачкыларынан «Эр Төштүк» болсо, айталы, кийинки, соңку мезгилдердеги «жаш» эпостордун катарына «Жаңыл Мырза», «Олжобай менен Кишимжан» сыяктуу чыгармаларды киргизүүгө болот.

Элдик дастандарды таржымалдай отуруп, аларда адамдардын аң-сезиминин өнүгүүсү гана даңкталаарын көрөбүз. Башкача айтканда, адамзаттын тарыхында болуп өткөн канча деген каардуу, катаал, татаал окуялар кийинки муундар үчүн сабак болуп, көзгө көрүнгөн «көргөзмө курал» болсо, көзгө көрүнбөгөн, башкача айтканда, адам баласынын ички дүйнөсүндөгү эволюциялык өрүштөр, анын өнүгүү этаптары эпикалык дастандарга, тактап айтканда, эпосторго салынып, келечектин жолун көрсөткөн маяк катары кызмат кылып келген. Эгер адамдар тарыхка кылчайып, кетирген каталарын көрүп, кемчиликтерин жоюп, алдыга кадам таштаса, эпостор эпикалык баяндама-эпизоддорго салынган окуялар иретинде, анын каармандары аркылуу, ошол орошон жолдон адаштырбоочу, багыттоочу, жол көрсөтүүчү «инструкциянын» кызматын аткарып келген десек болот.

Дүйнө жүзүндө жүзгө жетпеген эпос бар. Хронологиялык алкактан алганда, эң алгачкы эпос катары «Гильгамеш» эсептелет. Ал б.з.ч. XVIII-XVII кк. [10], гректердин «Илиадасы» б.з.ч. IX-VIII кк., «Одиссеясы» б.з.ч. VIII к [11], ал эми индиялык «Махабхарата» болжолдуу, б.з.ч.  IV-V кк. аралыгында жаралган.

Башкача айтканда, ошол мезгилде жаралган эпостордо каармандары кадимки жашоо тиричилик менен аралашкан адамдар, ошону менен катар эле ыйыкталган «кудайлар». Мында табигый кубулуштар стихиялуу, адамга баш ийбеген, тескерисинче, адамды башкарып турган абал.

Ошол эле Зевсти алалы, ал асмандын кайсы бир катмарындагы Олимп тоосуна отуруп алып, жерге чагылган ыргытып, күн күркүрөтүп адамдын жүрөгүнүн үшүн алат. Же, Кришна кудай Пандавалар тукумуна жардам берип, өзү согушка катышып жүрөт.

Эпостордогу мифтик эпизоддор, сюжеттер, каармандар – булардын баары адамдын табияттын сырлары алдында алсыздыгын эмес, аны таанууга жасаган алгачкы аракеттерин чагылдырып турат. Адамдын дүйнөтаанымы кеңейген сайын, анын аң-сезими жогорулап, көшөгө тартылган мифий элес-булас образдар, күүгүмдөлгөн күмөн түшүнүктөр өңүнө чыгып, колго кармала баштайт. Демек эпостор, ал эпосту айткан элди ээрчий, жашоодогу ар бир жаңылыкты жамактай отуруп, көлөмү жагынан да, мазмуну жагынан да кеңейе берген. Ушундан улам, эпос канчалык узак убакыттар бою катка алынбай, оозеки жашаса, мында мифий-магиялык сакралдуулуктан реалдуу материалдык кадим турмушка чейинки доорлор камтыла берген деген тыянак чыгарууга толук негиз бар.

«Илиада», «Одиссея», «Махабхарата» өңдүү эпостор байыркы замандарда эле кагаз бетине түшүрүлүп калгандыктан, мында байыркы адамдардын жаратылыш стихияларын

баёо баамдоосу, «сыйкырдуу» образдарда кабылдоосу, ошол кездеги адамдардын аң-сезиминин деңгээлинде катка алынган бойдон катып калган.

«Манас» эпосунун өзгөчөлүгү, артыкчылыгы – ал байыркы замандардан дээрлик бүгүнкү күнгө чейин ооздон-оозго уламалуу айтылып, «тирүү» жашап келгендиги. Андыктан, «Манас» эпосунда мифтик элементтерден тартып, реалдуу элдин турмушу ар тараптуу чагылдырлган. Байыркы адамдардын дүйнөтаанымындагы, айталы, гректердин эпосторунун өзөгүн түзгөн мифий дүйнөнүн мында учкундары гана учурап, жоокердик, жай турмушка жуурулушуп кетишинин себеби да ушул.

*...Желмогуз аны дээр эле,*
*Макил деген эр эле,*
*Жалгыз көздүү көр эле [12, 539].*
*Же дагы,*
*Акундун кызы Айчүрөк,*
*Кайыптыгын билгизди.*
*Дааналыгын көргөздү,*
*Ак куу кебин кийинди [13, 89].*

«Манас» эпосундагы бул сыяктуу эпизоддор баатырдык сюжеттер менен үндөшүп, элдин жай турмушуна шай жуурулушуп, жиги билинбей калган. «Манас» эпосунда мифтик элементтердин заакымдап, ыраак шоорат кагышы, акырындык менен реалдуу турмушка эриштелип кетиши, бул – бардык эле эпостордо кездеше турган мыйзамдуу көрүнүш.

Белгилей кетчү нерсе, XX кылымдын дээрлик 30-жылдарына чейин манасчылар эл ичинде жомокчулар деп аталышкан. «Манас» айткандар эл ичинде «ырчы», «жомокчу» деп аталып келишкен [14, 223].

*Жомокчулар койбосо,*
*Уйкаштырып ырды айтып,*
*Келиштирип койбосо,*
*Жомокчулар калп айтып [15, 380-б.]*

Эпосту айтып келген ырчылар, жомокчулар «манасчылар» даражасын алышы – бул да эпико-эволюциялык өрүштөгү кезектеги жетишкендик.

Бүгүнкү күндө «Манас» эпосунун жүздөй варианты бар (анын ичинде кол жазма иретинде КР УИА кол жазмалар фондунда гана сакталып турган варианттарды да эсептегенде). Канча вариант болбосун, «Манас» эпосунун өзөктүү эпизоддору баарында сакталат, бузулбайт. Мисалы, Манастын төрөлүшү, Алтайга кыргыздардын айдалышы, Ала-Тоого кайтып келиши, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Манастын өлүмү ж.б. Өзөктүү окуяларды бурмалабастан кошумча эпизоддордон, сюжеттерден (бул, адатта, субъективдүү мүнөз күтөт, б.а., манасчынын жеке потенциалына жараша) келип чыккан өзгөчөлүктөрдөн, айырмачылыктардан барып варианттар жаралат. Анткени, ар бир айтуучу (манасчы – жомокчу) өзөктүү окуяларды бузбастан айтып жатканда да, «өзүнүкү» («отсебятина») кошулат. Ушул жерден белгилей кетчү нерсе, «Манас» жалпы кыргыз элине энчиленгени менен аны аткарууда ар бир манасчынын жеке (индивидуалдык) сапаттары (ой жүгүртүүсү, дүйнөтаанымы, мүнөзү ж.б.) эпосто өз изин калтырбай койбойт.

Бирок, кандай гана чыгарма болбосун («Манас» эпосун фольклордук чыгарма катары караганда), ал турмуш чындыгын чагылдырат, элдин турмушунан алыстабайт. Демек, ар бир коомдогу өсүп-өнүгүү этаптары эпосто сөзсүз чагылдырылган. Мындай көрүнүш «Манас» эпосунун дүйнө жүзүндөгү эң көлөмдүү, мазмундуу эпоско айланусуна шарт түзгөн.

«Манас» – полифункционалдык мааниге ээ. Мында кыргыздардын келип чыгыш теги, б.а. санжыралык маалыматтардан тарта элдин руханий-материалдык мурастары, элдик чарбасы, диний ишенимдери, эл аралык мамилелери, согуштук-баатырдык баталиялар, ашыктык сезимдер, элдин жай турмушу бүт тарабынан чагылдырылган. « «Манас» эпосундагы ар бир эпизод, ар бир персонаж, эл эле эмескөркөм эпитеттер да белгилүү бир маанини билдирет» [16, 142]. Мындай зор эпопеяны угуучу аудиторияга жеткирүүдө манасчылардын ролу эбегейсиз болгон. Манасчы бүтүндөй бир театрдын милдетин аткарган. Бирок манасчыларга карата «аткаруучу» деген терминди колдонуу – калпыстык, толук эместик түшүнүктү жаратышы мүмкүн.

Ролду аткарууда жаттап алган репликасын айтканды – аткаруучу десек болот. Ал эми манасчы жаттабайт, ал – айтат. Эл ичинде манасчыга карата «манасты аткарат» эмес, «манас айтат» деп кадырлоо менен кайрылышкан.

**Корутунду**

Дүйнө жүзүндө эпос айтуучулук феномени, кайсы элде болбосун, өзүнүн толук кандуу аныктамасын ала элек. «Манас» айтуучулар да бүгүнкү күндө илимий өңүттөн ийине жеткире изилденбей жатышы – жалпы илимий коомчулукта чоң көйгөй жараткан көрүнүш.

Башында сөз кылынган, «Манас» эпосу жана манасчылар айланасындагы коомчулукта ар кандай окуялардын болуп жатышы аталган макалада белигилеп кетүү зарылдыгын көрсөттү.

Сөз баккан, сөз кадырлаган, ал эми ошол сөздү – «Манасты» айткандарды «пайгамбардай» эле сыйлаган элдин турмушунда мындай көрүнүштөрдүн учурап жатышынын себеби эмнеде?

Көрсө, XX кылым менен «Манастын» оозеки өмүрү аяктаптыр. Зор манасчылар Сагымбай, Саякбай, Тоголок Молдо, Тыныбек, Жүсүп Мамай ж.б. айткан эпос кагазга түшүп калды. Катты, катып калды (застыл) (бая, гректердин эпосу каткандай эле).

Учурда «Илиада», «Одиссей» эпосун айткан «гомерлерди» учуратпайсың. Аталган эпостор ар кыл өңүттөрдө иликтөөгө алынып, илим салааларында изилденип, илимий негизделген түшүндүрмөлөр берилип, эпоско негиздүү аныктама берүүгө жасалган аракеттер арбын.

«Манас» эпосу эч качан жоголбойт, бузулбайт. Ал – формула. Эми ал формула бойдон тура бербей, анын чечилиши болуш керек. «Манас» – жаңыча айтылышы керек! Илимий өңүттө! Логостун негизинде.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Чыныбаев Б. Историко-этнографические аспекты изучения эпоса "Манас" (историография проблемы) [Текст]: автореф. дис. … канд. ист. наук: – Казань, 1991. – 19 с.
2. Молдобаев И. Эпос «Манас» как историко-этнографический источник [Текст] / И. Б. Молдобаев // Сов. тюркология. – 1989. – № 3.
3. Акмолдоева Ш. Эпос «Манас» как историко-этнографический источник. // Тезисы международного научного симпозиума, посвященного 1000 летию эпоса «Манас». – Бишкек, 1995. С.167-168.
4. Субакожоева, Ч. Т. Кытай кыргыздарындагы «Манас» эпосунун сакталуу жана өнүгүү тарыхы (Кызыл-Суу кыргыздарынын мисалында) [Текст] / Ч. Т. Субакожоева. Илимий ред. проф. Т. К. Чоротегин. – Бишкек: Оптима Текноложис, 2015. – 216 б.

5. Валиханов, Ч. Собрание сочинений [Текст]: в 5 т. / Ч. Валиханов. – Алматы: Гл. ред. Каз.Сов. энцикл., 1985. – Т. 5. – 528 с.
6. Классическая восточная поэзия: Анталогия / Сост., предисл., глоссарий, коммент. Х. Г. Короглы. – М.: Высш. шк., 1991. – 799 с. ISBN 5-06-001591-2. –С. 307
7. https://docs.google.com › document › preview
8. https://literary_criticism.academic.ru
9. Кайыпов С. Т. Проблемы поэтики эпоса «Эр Тёштюк». Ч. 1. Гипербола. Сравнение. – Ф.: Илим, 1990. – 317с.
10. Эпос о Гильгамеше. «О все видавшем» – М.: Наука, 2015. – 213с. – ISBN 978-5-02-038448-4
11. Гомер: Илиада. Одиссея – М.: Эксмо, 2013.
12. Манас [Текст]: баатырдык эпос / Ж. Мамайдын варианты боюнча. – Бишкек: Нур-Ас, 2014. –752 б.
13. Семетей [Текст]: баатырдык эпос / Ж. Мамайдын варианты боюнча. – Бишкек: Нур-Ас, 2014. – 500 б.
14. Манас энциклопедиясы / Жооп. ред.: А. Акматалиев, Д. Андашев; КРУИА. Гуманит. ж-а экон. илимдер бөлүмү. Ч. Айтматов атын. тил ж-а адабият ин-ту. – Б.: "Кут-Бер", 2015 -. 2 Том. – 2015. – 703 б.
15. КР.УИА Кол жазмалар фонду, 537-инв. Сагымбай Орозбаков «Манас».
16. Рысмендеева Н. К. Чүкө жана ордо оюндары. – Б.: Турар, 2023. – 224б. ISBN 978-9967-35-211-7.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Омурова Ж.О.**